**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**АДИСТЕРДИ КЕСИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ**

# АДИСТЕРДИ КЕСИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Жалал-Абад, 2024-жыл

**"БЕКИТЕМИН"**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору

т.и.д., профессор К.Ж.Усенов

________________________

«_____» ________________ 2024-жыл

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**

**Адистерди кесиптик өнүктүрүү институту жөнүндө**
**ЖОБО**

Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин адистерди кесиптик өнүктүрүү институтунун кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу Жобосу, кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруунун тартибин жана шарттарын жөнгө салат.

## 1. Жалпы жоболор

1. Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин адистерди кесиптик өнүктүрүү институту (мындан ары - Институт) кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырат. Институттун негиздөөчүсү – Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары ЖАМУ) жетекчилиги.

2. Билим берүү кызматтары акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт. Окутуунун наркы уюштуруучу тарабынан аныкталат жана бекитилет. Кызматкерлердин саны жана институттун штаттык бирдиги ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилет.

3. Институттун жалпы милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- тиешелүү тармактардагы (билим берүү, илим, техника жана маданият, алдыңкы ата-мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйба, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу) жетишкендиктери жөнүндө жаңы билимдерди алууга адистердин керектөөлөрүн канааттандыруу;
- адистердин, кыскартылган жумушчулардын жана жумушсуз калктын квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо, аларды жаңы эмгек милдеттерин аткарууга даярдоо;
- консультациялык ишмердүүлүк,

4. Институт өз ишин Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Б.Осмонов атындагы мамлекеттик университетинин уставына, ушул Жобого, билим берүү ишмердигин жүргүзүүчү лицензияларга, буйруктарга жана башка жергиликтүү актыларга ылайык жүзөгө ашырат.

5. ЖАМУ институтту тийиштүү материалдык-техникалык база, заманбап жабдуулар жана жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлар менен камсыздайт, кызматкерлерди, аудиториялык жана лабораториялык базаларды бөлүп берет, мүмкүнчүлүккө жараша угуучуларды жатаканага жайгаштырат.

6. Институт юридикалык жак болуп саналбайт.

7. Кардар ЖАМУ менен билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө келишим түзгөн жеке же юридикалык жак (мындан ары - кардар) болуп саналат.

## 2. Институттун жетекчилиги

1. Институттун ишине жалпы жетекчиликти ЖАМУнун ректору ишке ашырат, ал:
- структуралык түзүмдү, штаттык бирдикти жана чыгымдардын сметасын, өнүктүрүү жана окуу пландарын, окуу сабактарын өтүү графигин бекитет;
- окуу кабинеттерин жана лабораторияларды, окуу, илимий жана окуу-методикалык адабияттарды басып чыгарууга жана көбөйтүүгө финансылык каражаттарды бөлүүнү камсыз кылат;
- угуучуларга китепканадан, окуу залдарынан, компьютердик класстардан, спорттук-ден соолукту чыңдоочу жайлардан жана медициналык мекемелерден пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

2. Институттун ишине жетекчиликти ЖАМУнун ректорунун буйругу менен белгиленген тартипте дайындалган директор ишке ашырат.

3. Институттун ишмердүүлүгүн ЖАМУнун Окумуштуулар кеңеши жана ректору көзөмөлдөйт. Институт өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндө ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешине жана ректоруна отчет берет.

4. Институттун ишинин натыйжалары үчүн директор жоопкерчилик тартат.

5. Кардарлар менен мамилелер ЖАМУ менен түзүлгөн келишим менен аныкталат.

## 3. Институттун угуучулары жана кызматкерлери

1. Институттун угуучулары болуп жалпы билим берүү уюмдарынын, кесиптик башталгыч билим берүү мекемелеринин, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, менчигинин түрүнө карабастан билим берүү мекемелеринин кызматкерлери, мугалимдери жана жетекчилери, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин адистери жана жетекчилери, мамлекеттик жана жеке юридикалык жактардын кызматкерлери боло алышат. Угуучулар окууга ректордун буйругу менен келишимдердин, арыздардын негизинде кабыл алынат. Окуу акысы толук төлөнгөн учурда угуучуга сабактарга катышууга уруксат берилет.

2. Угуучуга институтта окууда болгон учурдагы мөөнөтү көрсөтүлгөн күбөлөндүрүүчү тактама берилет.

3. Угуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:
- кошумча кесиптик билим берүү программаларынын мазмунун иштеп чыгууга катышууга;
- кесиптик ишмердүүлүк боюнча окуу-методикалык документтерди, ошондой эле китепканаларды, маалымат фонддорун жана ЖАМУнун бөлүмдөрүнүн кызматтарын пайдаланууга;
- конференцияларга жана семинарларга катышууга, өзүнүн илимий жана илимий-методикалык макалаларын басылмаларга жарыялоого.

4. Угуучулардын билим деңгээлин баалоо билимди учурдагы текшерүүнүн жана жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт. Угуучуларды жыйынтыктоочу аттестациялоо директордун сунушу боюнча түзүлгөн аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

5. Кесиптик кайра даярдоонун билим берүү программаларын өздөштүрүү милдеттүү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Угуучуларды аттестациялоо комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын төрагасы жана курамы Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилет.

6. Окууну ийгиликтүү аяктаган угуучуларга кошумча кесиптик билим берүү боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарын аяктагандыгы жөнүндө тиешелүү документтер берилет.

7. Окуу планынын талаптарын аткарбаганда, ошондой эле окуу жайдын ички тартибин одоно бузганда угуучу окуудан чыгарылат.

8. Институт менен эмгек мамилелеринде иш берүүчү ЖАМУнун ректору болуп саналат. Кызматкерлер менен эмгек келишими институттун директорунун сунушу боюнча түзүлөт. Институттун кызматкерлерин укуктары, милдеттери, ишке кабыл алуунун жана бошотуунун тартиби, эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен аныкталат.

9. Институтта штаттык окутуучулар менен бирге окуу процесси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ишканалардын (бирикмелердин), уюмдардын жана мекемелердин алдыңкы окумуштуулары, адистери жана кызматкерлери, аткаруу бийлик органдарынын өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

## 4. Окуу, илимий жана илимий-методикалык ишмердүүлүк

1. Адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо жумуштан үзгүлтүктүү же үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Окуу мөөнөттөрү кардардын керектөөлөрүнө ылайык аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде институт тарабынан белгиленет.

2. Адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо боюнча кошумча кесиптик билим берүү программалары институт тарабынан иштелип чыгат, бекитилет жана ишке ашырылат.

3. Сабактардын жана иштердин төмөнкү түрлөрү белгиленет: тренингдер, лекциялар, практикалык жана семинардык сабактар, лабораториялык иштер, тажрыйба алмашуу боюнча семинарлар, көчмө сабактар, стажировка, өз алдынча иш, консультациялар, аттестациялоо иштери ж.б.

4. Окуунун жүрүшүндө тайпалар угуучулардын билим деңгээлин, кесиптик даярдыгын, иш тажрыйбасын эске алуу менен түзүлөт.

5. Институт илимий жана илимий-методикалык иштерди жүргүзөт, белгиленген тартипте угуучулар үчүн окуу пландарын жана программаларын, окуу куралдарын, лекциялардын конспекттерин жана башка илимий-методикалык адабияттарды чыгаруу боюнча иш-чараларды уюштурат.

## 5. Институтту каржылоо

1. Институтту каржылоо төмөндөгүлөр тарабынан жүзөгө ашырылат:
- уюштуруучу тарабынан бөлүнгөн каражаттар;
- кардарлар менен түзүлгөн келишимдер боюнча окутуу үчүн алынган каражаттар;
- бюджеттик ассигнованиелер;
- окуу-методикалык, илимий жана башка иштеп чыгууларды ишке ашыруудан консультациялык иштерди жүргүзүү үчүн алынган каражаттар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан .

Институттун директору : Б.Козуев